КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ЧЕЛЬПЕК
АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЧЕЛЬПЕКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**23.09.2022 № 40** **Чельпек айылы**
**28/21/40**

**Чельпек айылынын жергиликтүү Курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө**

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында. КР Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик Курултайды уюштуруу боюнча комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы "Биринчи Элдик Курултайга КР айылдык аймактарынан жана шаарларынан делегаттарды шайлоо боюнча кадамдап аткарылуучу аракеттердин НУСКАМАСЫНА"ылайык маселени карап жана талкуулап чыгып, Чельпек айылдык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезексиз XXI- сессиясынын негизинде:

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чельпек айылынын жергиликтүү Курултайы 2022- жылдын 5-ноябрында саат 10:00 го чакырылсын.
2. Чельпек айылынын жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 50 делегаттан турары белгиленсин.
3. Чельпек айылынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы -11 адамдан бекитилсин. ( №1- тиркеме)
4. Жергиликтүү жаматтар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 15- октябрдан 21- октябрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн. ( №2- тиркеме)
5. Чельпек айыл аймагында Курултайды уюштурууга жумушчу топко ар тараптуу көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.
6. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Каракол шаарынын областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Б. Саревага жүктөлсүн.

**Чельпек айыл Кенешинин төрагасы** **Б. Омуркулов.**